**Кыргыз Республикасында «Visa картасына которуу – тез жана ыңгайлуу!» жарнама акциясын өткөрүү эрежелери**

**1. Терминдер жана аныктамалар**

**Акция** – Кыргыз Республикасында «Visa картасына которуу – тез жана ыңгайлуу!» жарнама акциясы.

**Карта** – ушул Акциянын өнөктөштөрү болгон Кыргыз Республикасынын банктары тарабынан чыгарылган Visa Classic, Visa Gold, Visa Platinum, Visa Infinite банк карталары.

**Акциянын уюштуруучусу** – «Mega Media» жоопкерчилиги чектелген жолдоштугу (дареги: 050000, Казакстан Республикасы, Алматы ш., Абдуллиндер көч., 31/23) Visa International Service Association буйуртмасы боюнча.

**Акциянын өнөктөшү** – Visa International Service Association.

**Акциянын өнөктөшү** – Кыргыз Республикасынын банктары:

1. «Оптима Банк» ААК;
2. «КЫРГЫЗСТАН коммерциялык банкы» ААК;
3. «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК (DemirBank бренди);
4. «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК (же KICB);
5. «Бай-Түшүм банкы» ААК;
6. «Компаньон банкы» ЖАК;
7. «Кыргызкоммерцбанк» ААК;
8. «Бакай Банк» ААК;
9. «Азия банкы» ЖАК;
10. «Халык Банк Кыргызстан» ААК;
11. «Керемет Банк» ААК;
12. «Кыргыз-Швейцар Банкы» ЖАК (KSB).

**Акцияны өткөрүү мезгили** – Эрежелердин 2.2. пунктунда көрсөтүлгөн мезгилде.

**Эрежелер –** Кыргыз Республикасындагы «Visa картасына которуу – тез жана ыңгайлуу!» шыктандыруучу жарнама акциясынын анык эрежелери.

**Байгелер (же Акциянын байгелери) –** Эрежелердин 7-пунктунда көрсөтүлгөн ай сайынкы байгелер.

**Сайты** – https://cis.visa.com/ru_TJ/visa-in-kyrgyzstan.html

**Катышуучу** – Акциянын өнөктөшү болгон Кыргыз Республикасынын коммерциялык банкы тарабынан чыгарылган бардык түрдөгү Visa төлөм картасынын кармоочусу, жана Акцияны өткөрүү учурунда дүйнө өлкөлөрүнүн биринен (Кыргыз Республикасынан тышкары) өзүнүн Visa картасына 50 (элүү) АКШ долларынан ашык, анын ичинде которуу валютасынын эквивалентиндеги суммадагы эл аралык акча которуу алган жаран.

**2. Акцияны өткөрүү мезгили жана жери**

2.1. Акция Кыргыз Республикасынын аймагында өткөрүлөт.

2.2. Акцияны өткөрүү мезгили – 2021-жылдын 29-июлунан тартып 2021-жылдын 29-октябрына чейин, эки датаны тең камтуу менен.

**3. Акциянын катышуучулары**

3.1. Акцияга Кыргыз Республикасынын жашы жеткен жарандары жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасында жашоого уруксаты бар адамдар катыша алат.

3.2. Акцияны өткөрүү учурунда түрдүү ыкма менен (ар кандай картадан жана ар кайсы банктан) 50 (элүү) АКШ долларынан ашык суммадагы акча каражатын алуучу болуп саналган, Кыргыз Республикасындагы Акциянын өнөктөш банктарында чыгарылган бардык түрдөгү Visa төлөм карталарынын кармоочулары.

3.3. Жогоруда көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербеген адамдардын, ошондой эле Уюштуруучунун жана Акциянын өнөктөштөрүнүн кызматкерлеринин жана өкүлдөрүнүн,

алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, ошондой эле алар менен байланышы бар адамдардын, Уюштуруучу менен Акцияны даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү менен байланышкан келишимдик мамилелери бар үчүнчү тараптын кызматкерлеринин жана өкүлдөрүнүн Акцияга катышуусуна жол берилбейт.
3.4. Акцияга катышуу менен Катышуучу Эрежелер менен таанышып чыккандыгын жана ушул шарттар менен макул экендигин тастыктайт.

## 4. Уюштуруучунун жана Акциянын Катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

4.1. Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1.1. Акцияны өткөрүү мөөнөтү жана шарттары тууралуу маалымат алууга;

4.1.2. Акциянын Уюштуруучусу тууралуу маалымдарды алууга;

4.1.3. ал Акциянын жеңүүчүсү болуп таанылган учурда, ушул Эрежелерге ылайык Акциянын сыйлыктарын берүүнү талап кылууга.

4.2. Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.2.1. ушул Эрежелерди сактоого, анын ичинде Акцияга катышууга байланышкан бардык аракеттерди ушул Эрежелерде белгиленген мөөнөттө аткарууга;

4.3. Уюштуруучу төмөнкүлөргө укуктуу:

4.3.1. Акцияны өткөрүү мезгилинин ичинде ушул Эоежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө.

4.3.2. ушул Эрежелерде каралган учурлардан башка учурда Акциянын Катышуучулары менен жазуу жүзүндөгү сүйлөшүүлөрдү же башка түрдөгү байланыштарды жүргүзбөөгө;

4.3.3. ушул Эрежелерде каралган учурларда Катышуучулардан тийиштүү маалыматтарды жана документтерди, ошондой эле мамлекеттик органдарга көрсөтүү үчүн башка документтерди суроого;

4.3.4. Акциянын жеңүүчүлөрү кандайдыр бир себептерден улам байгени талап кылбаган же аны алуудан баш тарткан учурда Акциянын Байге ээлеринин жалпы санын, ошондой эле Акциянын жеңүүчүлөрүнүн жалпы санын азайтууга. Ошону менен бирге көрсөтүлгөн Байгелер Акция бүткөндөн кийин берилбейт жана Уюштуруучу тарабынан өз каалоосу боюнча колдонулат;

4.3.5. Катышуучу ушул Эрежелерди сактабагандыгы аныкталган учурда Акциянын Катышуучусуна Байгени берүүдөн баш тартууга.

4.4. Уюштуруучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.4.1. ушул Эрежелерди сактоого, ушул Эрежелер менен белгиленген мөөнөттө Акцияны өткөрүүгө байланышкан бардык аракеттерди аткарууга;

4.4.2. Акциянын ушул Эрежелерге ылайык өткөрүлүшүн камсыздоого;

4.4.3. Акциянын жеңүүчүлөрүнө ушул Эрежелердин 7-пункту менен каралган байгелерди берүүгө;

4.4.4. Акциянын Катышуучуларынын аны өткөрүү Эрежелери менен маалымдалышын камсыздоого;

4.4.5. Байгелерди берүүдө Акцияны өткөрүүнүн жүрүшүндө Акциянын катышуучулары тарабынан алынуучу Байгелер үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык төлөнүүсүн камсыздоого.

## 5. Акцияга катышуу үчүн кадамдар:

5.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу Акцияны өткөрүү мезгилинде Акциянын өнөктөш банкынын бардык түрдөгү өзүнүн Visa картасына ар кандай ыкма менен (ар кандай картадан жана ар кайсы банктан) 50 (элүү) АКШ долларынан ашык суммадагы акча каражатын алуучу болушу зарыл.
5.2. 50 (элүү) АКШ долларынан ашык суммадагы акча которууларын алуу саны чектелбейт.

5.3. Акцияга катышуу үчүн чектөөлөр:

5.3.1. Уюштуруучу Катышуучунун тыюу салынган каражаттарды пайдалангандыгын жана/же Катышуучунун ушул Эрежелер менен каралган шарттарга шайкеш келбеген аракеттерди жүргүзгөндүгүн аныктаган учурда Уюштуруучу көрсөтүлгөн эреже бузуу аныкталган учурдан тартып каалаган убакта ушул адам тарабынан мурда катталган операциялардын баарын жокко чыгарууга (ар бир операциянын келип чыгуу тарыхын иликтөөсүз), ошондой эле Уюштуруучу, андан ары Акцияга катышуудан четтетүү мүмкүнчүлүгү менен, Катышуучулардын же Жеңүүчүлөрдүн курамынан мындай адамды чыгарып салууга укуктуу.

5.3.2. Акциянын Уюштуруучусу төмөнкү аракеттерди жасаган адамдарды каалаган убакта бир тараптуу тартипте жана себебин түшүндүрүүсүз Катышуучулардын же Жеңүүчүлөрдүн курамынан чыгарып салууга укуктуу:

- Акцияга катышуу үчүн жасалма операцияларды бир нече жолу каттоого шектелгендерди;
- Алардын максаты Байгени негизсиз алуу болгон жана алдамчылык аракеттерди жасагандыгына шектенүүлөр бар болгон адамдарды.

## 6. Байгелерди бөлүштүрүү тартиби:

6.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана Акциянын Байгелерин бөлүштүрүү тартиби:

6.1.1. Эң көп 50 (элүү) АКШ долларынан ашык суммадагы акча которууларды алган Катышуучу жеңүүчү болуп табылат.

6.1.2. Бир нече Катышуучунун алган которууларынын саны бирдей болгон учурда, которууларынын жалпы көлөмү эң жогору болгон Катышуучу жеңүүчү болуп саналат.

6.1.3. Акциянын ар бир банк-өнөктөштөрү Акциянын банк-Өнөктөштөрүнүн карталарынын ээлеринен - Катышуучулардын арасынан, «Оптима Банкы» ААКдан тышкары, Акция мезгилиндеги ар ай сайын 1 (бир) жолу жеңүүчүнү тандап алат. Акция мезгилинде «Оптима Банкы» ААКы ай сайын 2 (эки) жеңүүчүнү тандап алат.

6.1.4. Бардыгы болуп Акциянын банк-Өнөктөштөрү Акциянын бүткүл мезгилинде 3 (үч) жеңүүчүнү тандап алышат, ал эми «Оптима Банкы» ААКы Акциянын бүткүл мезгилинде 6 (алты) жеңүүчүнү тандап алат. Жыйынтыгында Акциянын бүткүл мезгилинде түздөн-түз ушул Эрежелерде каралган башка учурлардан тышкары 39 (отуз тогуз) жеңүүчү тандалат. 1 (бир) катышуучу Акциянын бүткүл мезгилинде 1 (бирден) көп эмес Байге утуп алышы мүмкүн.

6.1.5. Уюштуруучу Өнөктөш банктарга Акциянын Байгелерин берет, ал эми Өнөктөш банктар байгелерди жеңүүчүлөргө тапшырат.

## 7. Акциянын байге фонду:

7.1. **Байгелер:**

7.1.1. Байгелер өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Lenovo Ideapad S145 ноутбугун – 39 даана

7.1.2. Байгелерди ойнотуу даталары:

- 2021.29.07. тартып 2021.29.08. чейинки мезгил үчүн, эки датаны камтуу менен – 2021-жылдын 30-августунда;
- 2021.29.08. тартып 2021.29.09. чейинки мезгил үчүн, эки датаны камтуу менен – 2021-жылдын 30-сентябрына;
- 2021.29.09. тартып 2021.29.10. чейинки мезгил үчүн, эки датаны камтуу менен – 2021-жылдын 30-октябрына.

7.2. Байгелер Сайтта көрсөтүлгөн сүрөттөн тышкы келбети жана мүнөздөмөлөрү боюнча айырмаланышы мүмкүн.

7.3. Уюштуруучу өзүнүн көз карашы боюнча Байгелердин санын Сайтта жана ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн сандан өзгөртүүгө укуктуу, ошондой эле Байгелердин аталышын, тактап айтканда Акциянын Байгелер фондун ушул Эрежелердин шартына өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен өзгөртүшү ыктымал.
7.4. Байгелер акча эквивалентинде берүүгө/алмаштырууга жатпайт.

## 8. Акциянын Байгелерин алуу шарттары

8.1. Жеңүүчүлөрдүн тизмеси ушул Эрежелердин 7.1.2. пунктунда көрсөтүлгөн Байгелерди ойнотуу даталарына ылайык Жеңүүчү аныкталгандан кийин 5 (беш) календардык күндүн ичинде https://cis.visa.com/ru_TJ/visa-in-kyrgyzstan.html Сайтына жайгаштырылат.
8.2. 7-пунктта көрсөтүлгөн Байгелерди алуу шарттары, тартиби жана мөөнөтү:

8.2.1. Байгени алуу үчүн Жеңүүчү өз алдынча жана өзүнүн каражаттарынын эсебинен Өнөктөш банк жарыялаган Байге тапшыруу жерине барып, кабыл алуу-өткөрүп берүү актына кол коюусу зарыл.

8.2.2. Тийиштүү Жеңүүчү аны алган жана кабыл алуу-өткөрүп берүү актына кол койгон учурдан тартып Байге тапшырылган болуп саналат.

8.2.3. Акциянын Уюштуруучусу жана Өнөктөш банк Катышуучуга Байгени тапшыруу ыкмасын өзгөртүү укугуна ээ.

8.2.4. Байге фонду Жеңүүчүлөр тарабынан жеке пайдалануу үчүн гана колдонулушу мүмкүн, коммерциялык пайда көрүү максатында сатылышына же башка ыкма менен колдонулушуна жол берилбейт.

8.2.5. Ушул Эрежелердин 7-пункту менен каралган Байгелерди алуу үчүн Жеңүүчү Акциянын Өнөктөш банкынан Жеңүүчүнүн абоненттик номерине Акцияда жеңгендиги тууралуу телефон чалуу түрүндө кабарлоо алгандан тартып 2 (эки) календардык күндүн ичинде Өнөктөш банкка Өнөктөш банкы көрсөткөн ыкма менен кийинки маалыматтарды берүүсү зарыл:

- фамилиясын, атын, атасынын атын (бар болгон учурда);
- өздүгүн тастыктаган же Кыргыз Республикасында жашоого уруксат документинин сканерленген көчүрмөсүн (эки тарабынан);
- жеңүүчүнүн фактылык жашаган дареги.

8.3. Жеңүүчү Байгени алуу учурунда аны кабыл алуу-өткөрүп берүү актына кол коюуга, ошондой эле өздүгүн тастыктаган документти көрсөтүүгө милдеттүү. Жеңүүчү ушул иш-аракеттерди аткаруудан баш тарткан учурда, Өнөктөш банктын өкүлү жана Уюштуруучу Байгени бербөөгө укуктуу. Өнөктөш банктын жана Уюштуруучунун талабы боюнча Жеңүүчү Өнөктөш банк жана Уюштуруучу тарабынан көрсөтүлгөн ыкма менен Байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актынын скан-көчүрмөсүн же сүрөтүн жөнөтүүгө милдеттендирилет.
8.4. Байгенин сактыгы жана анын кокустан бузулуу тобокелдиги үчүн жоопкерчилиги Байгени тапшыруу жана Жеңүүчү байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актына кол койгон учурдан тартып Жеңүүчүгө жүктөлөт. Мындай Байгелердин бүтүндүгү жана функционалдык жарактуулугу Жеңүүчүлөр тарабынан аларды алуу учурунда текшерилүүгө тийиш.

## 9. Уюштуруучу жана Акциянын Өнөктөштөрү төмөнкүлөргө жоопту эмес:

9.1. Катышуучулардын/Жеңүүчүлөрдүн өзүнүн, же байланыш уюмдарынын, курьердик жана почта кызматтарынын күнөөсү боюнча, же Уюштуруучудан көз каранды болбогон башка себептерден улам Акциянын Байгелерин алуу үчүн керектүү почта жөнөтүүлөрүн, маалымдарды/документтерди албагандыгы/өз убагында албай калгандыгы үчүн;

9.2. Акциянын Катышуучулары ушул Эрежелер менен каралган милдеттерди аткарбагандыгы (өз убагында аткарбагандыгы), же Сайтта Акция жана Эрежелер жөнүндө маалымат менен Акциянын Катышуучуларынын таанышуусу мүмкүн болбогондугу үчүн;
9.3. Акциянын Катышуучулары каттоо маалыматтарында көрсөткөн маалымдардын, байланыш жана башка маалыматтардын тууралыгы, тактыгы жана аныктыгы үчүн, ошондой эле Катышуучулардан алынган маалыматты Акциянын максаттары, анын ичинде Уюштуруучудан көз каранды болбогон башка себептерди камтуу менен байгелерди тапшыруу максаттары үчүн колдонууга мүмкүн эместиги үчүн;
9.4. Катышуучулар талап кылбаган же баш тарткан учурда, ошондой эле Акциянын Уюштуруучусунан көз каранды болбогон себептерден улам Акциянын Катышуучулары Байгелерди албай калгандыгы үчүн;
9.5. Акциянын өткөрүлүшү менен байланышкан иш-аракеттер аткарылбагандыгы үчүн, эгерде мындай аткарбоо Купуялык жөнүндө кабарлоо менен белгиленген тартипте жеке маалыматтардын иштелип чыгышына макулдугун чакыртып алуусунун натыйжасында Катышуучунун жеке маалыматтарын жок кылуунун кесепетинен келип чыккан болсо;
9.6. Алардын Акцияга катышуусу менен байланыштуу Катышуучулардын өмүрү, ден соолугу, моралдык жана/же психикалык жабыркоолору үчүн;
9.7. Жеңүүчүнүн Байгеден күтүүлөрү үчүн.

## 10. Акциянын башка шарттары:

10.1. Акция тууралуу маалымат менен Катышуучулар аны өткөрүү мезгилинде https://cis.visa.com/ru_TJ/visa-in-kyrgyzstan.html Сайтында тааныша алат.
10.2. Уюштуруучу Акцияны Өткөрүү мезгилинин ичинде ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүнө калтырат. Ошону менен бирге ушул Эрежелердин өзгөргөндүгү тууралуу маалыматтардын бардыгы Сайтка жайгаштырылат.
10.3. Акцияга катышуу менен Катышуучу ушул Эрежелер менен толук бойдон таанышып чыккандыгын жана алар менен макул экендигин, бирок кийинкилер менен чектелбей, төмөнкүлөргө макул экендигин такстыктайт:
- 10.3.1. жеке маалыматтарынын иштелип чыгышына;
- 10.3.2. Уюштуруучудан же ыйгарым укуктуу үчүнчү адамдардан ушул Акцияны өткөрүүгө байланышкан маалыматтык SMS билдирүүлөрдү алууга;
- 10.3.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган ыкма менен, анын ичинде коммерциялык максатта, кошумча сый акы төлөөсүз Байге Жеңүүчүлөрүн тартуудан алынган сүрөттөрдүн жана видеоматериалдардын иштелип чыгышына, андан ары колдонулушуна жана жайылтылышына.